КЫРГЫЗ ТИЛИ 11-КЛАСС ВАРИАНТ № 1

Аты-жөнү: _____

2020

№ 1. ***Ал <u>койлорун</u> көзүнөн тааныйт.*** Асты сызылган сөздүн сүйлөм мүчөлүк милдетин белгиле.

а) ээ **б)** аныктооч
в) баяндооч **г)** толуктооч

№ 2. «**сыйлоо**» сөзүнүн синонимин белгилеңиз.

а) жуу **б)** урматоо
в) майлоо **г)** жайлоо

№ 3. ***Мен бул көйнөктү сатып алдым. Жөн эле кийип жүрүү үчүн. Кандай экен?*** Сүйлөмдүн стилин белгилеңиз.

а) илимий **б)** жазма
в) публицистикалык **г)** оозеки кеп

№ 4. Омоним сөздү белгилеңиз.

а) сабак=сабак **б)** короо=жай
в) ачуу=таттуу **г)** суу=булак,

№ 5. Негизги этишке улана турган мүчөлөрдү белгилеңиз.

а) -сың, -т, -лар
б) -ым, -сы, -мын
в) -ыш, -ын, -ыл
г) -а, -е, -ып

№ 6. Абстракттуу зат атоочторду белгилеңиз.

а) өрүк **б)** кум
в) жаштык **г)** ун

№ 7. Асты сызылган сөздөрдүн мүнөздөмөсүн белгилеңиз. ***<u>Санжар</u>, <u>Кылыч</u> көпчүлүк элдин сүймөнчүлүгүнө ээ.***

а) зат атооч сөздөр
б) сүйлөмдүн мүчөлөрү
в) бир өнчөй мүчөлөр, сүйлөмдүн ээлери
г) энчилүү аттар, сөз тизмектери

СУНУШТАЛГАН ТЕКСТТИ КӨҢҮЛ КОЮП ОКУП, **№8-10** ЧЕЙИНКИ ТАПШЫРМАЛАРДЫ ТЕКСТТИН НЕГИЗИНДЕ АТКАРЫҢЫЗ.

Кыргыздардын байыркы ишеними

(1)Ислам динине чейин эле Орто Азияда ар кандай диний ишенимдер пайда болуп, көчмөндөр арасында жашап келген. (2)Аларга буддизм, зороастризм, христиан, несториан, манихейчилик диндери кирип кеткен. (3)Ал эми байыркы кыргыздардын диний көз караштарына кайрылсак, алар жөнүндө маалыматтар аз. (4)Бирок жазма булактардын маалыматтарына таянып, байыркы кыргыздардын баштапкы диний ишенимдеринин бири катары тотемдик көз караштарын айтсак болот. (5)Байыркы адамдардын түшүнүгү боюнча тоо-таш, жер-суу, бардык жан-жаныбарлар жандуу делип эсептелген.

(6)Табияттын ар түрдүү жашыруун сырларынан коркуудан ага жүгүнүп сыйынуудан, ар кандай ырым-жырымдар пайда болуп, тотемдик, анемизмдик түшүнүктөр келип чыккан. (7)Тотемдик көз карашта көпчүлүк элдер өздөрүнүн түпкү ата-тегин кандайдыр бир айбандардан чыгарышкан. (8)Тибеттиктер өздөрүнүн түпкү теги катарында маймылды, түрктөр бөрүнү, туфандар итти, сибирлик көп элдер карганы эсептешсе, кыргыз элинин пайда болушун түшүндүрүүдө да тотемдик түшүнүк орун алган. (9)Кыргыз элинин урууларынын аттары, анын пайда болуш тарыхы да тотемизмге байланышкан. (10)Алсак, бугу уруусу мүйүздүү бугу энеден тараган деген түшүнүк эл арасында кеңири тараган. (11)Кыргыз элинин турмушунда мал чарбачылык чоң роль ойногондугуна байланыштуу тотемдик түшүнүктөр кеңири өрчүгөн. (12)Ойсул ата, Чычаң ата, Заңги баба, Чолпон ата, ал эми дыйканчылыкта Баба дыйкан деген сөздөр элдик ырларда да кеңири орун алган.

(Смайылова С. М.)

№ 8. Тотемдик түшүнүктөрдүн кыргыз элинин турмушунда өнүгүш себептерин белгилеңиз.

а) Тоо-таш, жер-суунун жандуулугуна ишенгендиктен
б) Кыргыз элинин турмушунда мал-чарбачылыгы чоң роль ойногондугуна байланыштуу
в) Өздөрүнүн байыркы ата-тегин жаныбарларга байланыштыргандыктан
г) Ислам дининин Орто Азияга тарагандыгынан улам.

№ 9. 3-сүйлөмдөгү **«аз»** деген сөздү кайсы сөз менен алмаштырсак мааниси өзгөрүүсүз калат.

а) чакан **б)** бир гана
в) кичинекей **г)** сейрек

№ 10. Жогоруда берилген тексттин негизги оюн берген сүйлөмдү белгилеңиз.

а) Табияттын сырларынан коркуу адамдардын диний ишенимдерин ойлоп табуусуна алып келген.
б) Байыркы кыргыздардын диний ишенимдеринин элдик ырлардан орун алышы.
в) Кыргыз элинин турмушунда мал чарбачылык чоң роль ойногондугуна байланыштуу.
г) Ислам динине чейинки кыргыз элинин башынан кечирген диний ишенимдери.